**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, А Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык—саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңештин эксперти изденүүчү Каримова Кундузхан Усеновнанын «Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» деген темадагы 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясына**

# КОРУТУНДУ

Эксперттик комиссиянын мүчөсү: социология илимдеринин доктору, доцент Н.Меңдибаев, изденүүчү Каримова Кундузхан Усеновнанын «Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» деген темадагы 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын (илимий жетекчи: философия илимдеринин доктору, профессор Исаев К.И.) карап чыгып, төмөндөгүдөй корутундуга келди:

**1.Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Каримова Кундузхан Усеновнанын «Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» деген темадагы кандидатык диссертациясы Д.23.20.611 Диссертациялык кеңештин профилине толук туура келет. Бул диссертациялык иште өспүрүмдөр арасында делинквенттик жүрүм-турумдагы балдардын кыргыз коомундагы көйгөйлүү маселелери каралып, диссертациялык иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**2. Иштин максаты катары** өспүрүмдөр арасында делинквенттик жүрүм-турумдагы балдардын кыргыз коомундагы өзгөчөлүктөрүн аныктоого багытталган. Коюлган максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөндөгүдөй милдеттер аныкталган:

- өспүрүмдөр арасында делинквенттик жүрүм-турум маселесин изилдөөнүн негизги социологиялык парадигмаларын илимий талдоо;
- девианттык жана делинквенттик жүрүм-турумга жалпы мүнөздөмө берүү;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.23.20.611
КИРИШ № ДК-32-20
«08» 02 2021 ж

- өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумдарына үй-бүлө, мектеп жана башка социалдык институттардын тийгизген таасирин анализдеп карап чыгуу;
- коомдун трансформация абалында өспүрүмдөрдүн делинквент жүрүм-турум маселелериндеги заманбап өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- Кыргызстандагы өспүрүмдөр арасында делинквенттик жүрүм-турумду алдын алуу боюнча социалдык механизмдерин иштеп чыгуу.

Бул иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Сунушталган диссертациянын темасы «Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» актуалдуу илимий проблемага багытталып, негиздүү тандалган.

Азыркы учурда өзгөчө актуалдуу болуп жаткан өспүрүмдөр арасындагы делинквенттик жүрүм-турум коомдун өнүгүү абалына терс таасирин тийгизүүдө. Азыркы коомдогу кубулуш өз ара адамдардын, үй-бүлөнүн ичиндеги мамилелерди сапаттуу өзгөртүү оң гана эмес, терс өзгөрүүлөрдү да жаратууда. Коомдогу ар кандай социалдык патология (баңгилик, сойкулук, алкоголизм ж.б.), социалдык чөйрөнү криминалдаштыруу, кескин өнүгүүсүндөгү башка терс тенденциялар социологиялык илимге өтө маанилүү көйгөйдү жаратат.

Алсак, өспүрүмдөрдүн ата-энелери социализм учурунда калыптанган жана алардын билим берүү талаптарына ылайык келген баалуулуктарды сактоо өткөн мезгилде алар тарабынан үйрөнүлүп келген. Ошол эле учурда, күнүмдүк жашоо буга чейин башка моралдык, укуктук жөнгө салуучу органдар үстөмдүк кылган, өспүрүмдөрдөн жаңы баалуулук багыттарын өздөштүрүүнү талап кылат, өзгөрүлгөн социалдык-экономикалык шарттарга натыйжалуу көнүп кетүүгө мүмкүндүк берген мамилелер. Натыйжада, бар делинквенттик жүрүм-турумдун калыптанышына алып келиши мүмкүн болгон жаш муундарды тарбиялоонун баалуулуктар тутумундагы бифуркация.

Кыргызстанда 14 жаштан 17 жашка чейинки өспүрүмдөр тарабынан жасалган кылмыштын саны статистикалык маалыматтар боюнча 2015 – жылы 1067 өспүрүм болсо 2018 – жылы 1432ге өсүп кеткен. Ал эми 14 жаштан 17 жашка чейинки кылмыш жасаган өспүрүмдөргө соттун чечими менен соттолгондордун саны 2015 – жылы 191 өспүрүм болсо 2018 – жылы 161 өспүрүм [118].

Демек, биздин коом башынан кечирип жаткан экономикалык кыйынчылыктар өлкөдөгү социалдык-экономикалык жана саясий-укуктук кырдаалды курчуткан, кеңири кулач жайган кылмыштуулук өспүрүмдөр арасында, массалык аң-сезимде терс чагылдырылып, тийиштүү баалуулук багыттарын калыптандырып, бекемдеп жатат. Парадоксалдуу кырдаал түзүлдү, бир жагынан, радикалдуу реформалардын бүткүл жүрүшү, аларды жүзөгө ашырууга жарандардын жигердүү катышуусун талап кылса, экинчи

жагынан, аларды жүзөгө ашыруунун өзгөчөлүктөрү олуттуу тоскоолдук фактор катары иш алып барган делинквенттик жүрүм-турумдун, айрыкча, укук бузуулардын жайылышына алып келди.

Делинквенттик жүрүм-турумдун заманбап кыргыз коомчулугунда кеңири жайылышы адамдардын турмушунун бардык чөйрөлөрүнө таасирин тийгизет жана алардын жашоо образындагы өзгөрүүлөрдө, баалуулук багыттарынын жана социалдык мамилелердин калыптануусунда, ошондой эле укуктук жана моралдык ченемдердин бузулушун билдирет. Натыйжада, ар кандай четтөөлөр формалары (анын ичинде мыйзамсыз, башкача айтканда, делинквенттик жүрүм-турум) социалдык институттардын, катмарлардын, топтордун жана адамдардын бир кыйла бөлүгүн камтыйт. Коомдук нормалардан четтөөлөр кеңири жайылып, көбүнчө жүрүм-турумдун рационалдуу жана жалпысынан алгылыктуу стили катары кабылданат.

Жогоруда аталган маселелер жана көрүнүштөр азыркы өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумун изилдөө зарылдыгын аныктайт.

**3. Илимий натыйжалар.**

Каримова Кундузхан Усеновна өзүнүн диссертациялык ишинде социология илиминин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

**Натыйжа 1.** Делинквенттик жүрүм-турумдарды изилдөөнүн социологиялык парадигмалары талданып, андагы укук бузууларды жөнгө салууда социалдык көзөмөлдүн ролу аныкталып, жана ошондой эле делинквенттик жүрүм-турумдагы өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрүн чечүүнүн технологиялары талданып изилденген.

**Натыйжа 2.** Диссертацияда өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумдарын алдын алуудагы изилдөөнүн методологиясы жана ыкмаларына талдоо жасалып андагы укук бузууларды жөнгө салуудагы социалдык профилактика ыкмасы жөнүндө жана укук бузууларды алдын алуу боюнча социалдык ыкмалар жөнүндө кеңири талданып изилденген.

**Натыйжа 3.** Диссертацияда Кыргызстандагы өспүрүмдөр арасында делинквенттик жүрүм-турумду алдын алуудагы приоритеттүү багыттар боюнча социологиялык талдоо жүргүзүлүп, андагы өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун негизги белгилери боюнча, өспүрүмдөрдүн укук бузуу жүрүм-турумунун формалары жана мүнөздүк өзгөчөлүктөрү боюнча жана делинквенттик жүрүм-турумдарын алдын-алуудагы приоритеттик багыттар боюнча кеңири социологиялык изилдөөгө алынып, тереңдетилип талданган.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

Диссертациянын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундуланган актуалдуу илимий изилдөө иш болуп саналат. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар

ишенимдүү, даана жана социалдык түзүлүш проблематикасын мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** келечекте делинквенттик жүрүм-турумдагы маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги суроолорду иштеп чыгууда, мындан аркы өспүрүмдөр, социалдык жетимдер менен иш алып барууда, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана материалдары аткаруу бийлигинин органдары тарабынан жашы жете электердин делинквенттик жүрүм-турумунун региондук программасын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда; укук бузуучу өспүрүмдөрдү коргоо боюнча жана өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумунун алдын алууда иш жүргүзгөн мекемелер жана уюмдардын; "Социология", "Социалдык иш", "Социалдык педагогика" адистиктер жана багыттар боюнча окуп жаткан студенттер үчүн "Девиация социологиясы", "Делинквенттер менен социалдык иштерде", "Жашы жете электердин делинквенттүү жүрүм-турумунун алдын алуу" жана башка окуу курстарын иштеп чыгууда колдонууга мүмкүн. Ошондой эле келечекте делинквенттик жүрүм-турумдагы маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги суроолорду иштеп чыгууда, мындан аркы алып барууда, өспүрүмдөр, социалдык жетимдер менен иш социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардын ишин оптималдаштырууда, өспүрүмдөрдүн жигердүүлүгүн жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк бере алат. Ошондой эле, социалдык түзүлүштүн өзгөрүү мазмуну, социалдык-экономикалык негиздери жөнүндөгү социологиялык билимдердин терендешин камсыз кылат.

Жыйынтыктарды, илимий жоболорду негиздөө үчүн автор социология илиминин азыркы парадигмаларын жана усулдарын колдонгон, бул ишенимдүү, айкын натыйжаларды алууга мүмкүндүк берген. Социологиялык изилдөөлөрдүн жыйындысы диссертанттын божомолдоолорунун тууралыгын далилдеген.

**5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине туура келет. Авторефератта мазмуну дал келген кыргыз, орус тилдериндеги резюмеси бар.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:** Изденүүчү Каримова Кундузхан Усеновнанын «Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» деген темадагы диссертациялык иншнде алдыда эске ала турган айрым мүчүлүштүктөрдү белгилеп коюуга болот.

1. Диссертациялык иштин теориялык бөлүгүндө негизги текстик сүйлөмдөр орус тилиндеги адабияттардан которулгандыгына байланыштуу

айрым жерлеринде которулган ой-пикирлер сүйлөмдөрдүн так маанисин билдире албай башкача түшүнүктөрдү же сөзмө-сөз которулган ойлорду билдирип калган учурлары бар.

2.Деликвенттик жүрүм-турумду изилдөөдөгү илимпоздордун ой-пикирлерин талдоодо бул проблемага байланыштуу Кыргызстандык илимпоздордун илимий эмгектерине өз алдынча талдоо жүргүзүлүп койгондо диссертациялык иш мындан да салмактуураак болуп калат эле.

3.Диссертациялык иш кыргыз тилинде аткарылып жаткандыктан кыргыз тилиндеги эреже жазуулар диссертациялык иштин жүрүшүндө толук сакталышы зарыл. Андыктан диссертациялык иштин жүрүшүндө көптөгөн жерлеринде кыргыз тилинин грамматикалык, стилистикалык жана орфографиялык эрежелери сакталбай калган.

**7.Сунуштар:**

1.Диссертациялык иштин темасы "Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму" жөнүндө болгондуктан "делинквенттик" деген сөздүн түшүндүрмө маанисин диссертациялык иштин киришүү бөлүмүндө эле чечмелеп түшүндүп койгондо, окурманга бул тема башынан баштап эле түшүнүктүү болуп калмак. Ал эми диссертациялык иште бул сөздүн мааниси биринчи баптын акыркы жагында гана чечмеленип түшүндүрүлүп калган.

2.Диссертациялык иштин натыйжаларын чагылдырууда колдонулган кээ бир диаграмма, гистограмма, таблицаларга жасалган талдоолор азыраак талданып, алардын мазмуну анчейин ачылбай калгандай. Эгерде аларды дагы да кенениреек, тереңиреек талдап бергенде диссертациялык иштин мазмуну дагы да салмактуураак болуп калат эле.

3.Азыркы этапта өспүрүмдөрдүн девианттык жана делинквенттик жүрүм--турумунун коркунучун азайтуу үчүн аталган субьектилерге теориялык тажрыйбалык жардам катары диссертациянын иштелип чыккан идеяларын сунуштоо аларга жакшы практикалык жардам болот.

**8.Сунуштамалар:**

1.Бүгүнкү заманбап система коомдук көзөмөлдүн өспүрүмдөр арасындагы укук бузуунун көрүнүшүнө карата коомдун катаал реакциясын божомолдоп турууcу зарыл. Анткени биринчи жолу кылмыш жасаган өспүрүм коомдон обочолонууга байланышпаган ажыратуу же чектөөлөргө дуушар болот. Андыктан өспүрүмдүн коомго эрте реабилитацияланышын жана реинтеграцияланышын шарттаган альтернативдүү чаралардын системасын иштеп чыгуу керек. Ошондуктан делинквенттик жүрүм-турумдан арылууда өспүрүмдөргө профилактикалык чараларды медициналык жана психологиялык жардам көрсөтүү менен ар дайым айкалыштырып туруу керек.

2.Бүгүнкү күндө делинквенттик жүрүм-турумдагы өспүрүмдөрдүн санынын көбөйүп кетишин алдын алуу үчүн мамлекеттик стратегиялык мүнөздөгү чараларды иш жүзүнө ашыруу зарыл болуп эсептелет.

3.Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алууда социалдык механизмин карап чыгып, алдын алуу боюнча координациялык иш чараларды иштеп чыгуу керек.

4.Өспүрүмдөрдүн делинквенттик жүрүм-турумунун алдын алуу алкагында коомдук уюмдардын ишмердүүлүгүн жана эл аралык донор уюмдардын ишмердүүлүгүн уюштуруу максатка ылайык болуп эсептелет.

**9.Корутунду:**

Изденүүчү Каримова Кундузхан Усеновнанын «Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» деген темадагы диссертациялык ишинде өспүрүмдөрдүн жүрүм-турум маселелерине байланыштуу социология илиминин адабияттары талданып, аларды түшүнүүдөгү негизги теориялык-методологиялык парадигмалар жана концепциялар ачылып берилген. Анда жашы жете элек балдардын маселелери менен байланышкан негизги илимий категорияларга берилген аныктамалар, социологиялык парадигмалар жана классик-социологдордун көз караштары талданган. Каримова К.У. бул диссертациялык ишинде укук бузууларды жөнгө салуудагы социалдык көзөмөлдүн ролуна баа берилип, социалдык көзөмөлдүн төмөндүгүнөн улам укук бузуулардын санынын өсүшү бирден-бир фактор катары экендиги белгиленген. Бул иште делинквенттик жүрүм-турумга үй-бүлө институтунун тийгизген таасиринин себептери да талданып, ошондой эле Кыргызстандагы өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун негизги белгилери талдоого алынган.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары келечекте делинквенттик жүрүм-турумдагы маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги суроолорду иштеп чыгууда, өспүрүмдөр, социалдык жетимдер менен иш алып барууда, өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардын ишин оптималдаштырууда, өспүрүмдөрдүн жигердүүлүгүн жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо изилдөөнүн жыйынтыктары жана сунуштары өлкө боюнча колдонууда жакшы мүмкүнчүлүктөрдү ачып бере алат.

Мына ушул натыйжаларды эске алганда Каримова Кундузхан Усеновнанын «Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» деген темадагы диссертациялык иши көрсөтүлгөн кандидаттык диссертациялык талаптарга жооп берет. Демек, социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын кабыл алууга болот.

**10.Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, А Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-—саясий изилдөө институту жана Ж Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору

(кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине изденүүчү Каримова Кундузхан Усеновнанын «Өспүрүмдөрдүн делинквенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» деген темадагы 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**социология илимдеринин доктору, доцент** **Мендибаев Н.**

Профессор Н. Мендибаевдин колун тастыктаймын.
Кыргызстан ислам университетинин окуу иштери боюнча проректору
А. Матраимов

Тастыктайм:

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, саясий илимдеринин кандидаты** **Абдыраманова Ч.Ш.**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 диссертациялык кеңештин Каримова Кундузхан Усоновнанын «Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

## КОРУТУНДУ

Комиссиянын мүчөсү, социология илимдеринин доктору, профессор С.С. Нурованын изденүүчү Каримова Кундузхан Усоновнанын «Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин (илимий жетекчиси: философия илимдеринин доктору, профессору Исаев К.И.) карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. **Диссертациялык Кеңештин коргоо боюнча укук берилген адистигине эмгектин туура келиши**.

Каримова Кундузхан Усоновнанын сунуштаган «Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» деген темадагы кандидатык диссертациясы Д.23.20.611 Диссертациялык Кеңешинин профилине толук тура келет. Иште өспүрүм курактагы балдардын деликвенттик жүрүм-турумдарынын көйгөйлөрү каралып, изилденген иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

2. **Диссертациялык изилдөөнүн максаты** өспүрүмдөр арасында деликвенттик жүрүм-турумдагы балдардын кыргыз коомундагы сүрөттөлүшүн алып чыгуу.

Аталган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

- өспүрүмдөр арасында деликвенттик жүрүм-турум маселесин изилдөөнүн негизги социологиялык парадигмаларын илимий талдоо;
- деликвенттик жана деликвенттик жүрүм-турумга жалпы мүнөздөмө берүү;

КИРИШ № ДК-31-20
«05» февраля 2021 ж.

- өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумдарына үй-бүлө, мектеп жана башка социалдык институттардын тийгизген таасирин анализдеп карап чыгуу;
- коомдун трансформация абалында өспүрүмдөрдүн деликвент жүрүм-турум маселелериндеги заманбап өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- Кыргызстандагы өспүрүмдөр арасында деликвенттик жүрүм-турумду алдын алуу боюнча социалдык механизмдерин иштеп чыгуу;

**Изилдөөнүн объектиси** өспүрүм курактагы 14 жаштан баштап 17 жашка чейинки балдар.

**Изилдөөнүн предмети** өспүрүм курактагы балдардын деликвенттик жүрүм-турумдарынын көйгөйлөрү.

Диссертациянын методологиялык негизи – катарында диссертациялык иштин изилдөө принциптери соцология илиминдеги парадигмалар, системдик талдоо аркылуу Кыргыз Республикасынын балдар үйүндөгү социалдык жетимдердин адаптация процесстери каралган. Материалдарды чогултууда даректеме, сурамжылоо, SPSS-24 программалык пакет маалыматтары колдонулган. Эмпирикалык изилдөөлөргө Кыргыз Республикасынын укук жана нормативдик актылары колдонулган. Анык маалыматтар жана иштин жыйынтыгын эмпирикалык изилдөө методологиясы камсыз кылды. Жалпысынан 400 респондент сурамжыланган.

Сунушталган диссертациянын темасы «Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» актуалдуу илимий проблемага багышталып, негиздүү тандалган.

Акыркы мезгилде көбүнчө балдар толук эмес үй-бүлөдө тарбияланууда. Ата-энесинин ажырашуусу бала үчүн чоң сокку боloорун адистер айтышууда. Ажырашуунун балага тийгизген таасири чоң жоготуудан кем эмес. Кээ бир балдар турмуштун мындай соккусуна туруштук бере албай өз өмүрлөрүн кыйганга чейин барышат, айрымдары психологиялык жактан жабырланып, оорукчан болуп, жүрүм-туруму жаман жакка бурулууда. Үй-бүлө баланы тарбиялоодо жана коомго кошуудагы эн биринчи институт. Азыркы учурда коптогон балдар толук эмес үй-бүлөдө тарбияланууда. Акыркы мезгилдерде үй–бүлөлөрдүн бузулушуна турмуш шарттын начардыгы, акчанын тартыштыгы, жумушсуздук сыяктуу көйгөйлөр таасир этип жаткандыгы.

Бул көйгөйдүн өнүгүү деңгээлин эске алуу менен, бул маселе узак убакыт бою социалдык четтөөлөрдүн айрым түрлөрүн изилдөө алкагында каралып келгендигин белгилей кетүү керек. Изилдөөлөрдү укук социологиясынын чегинде карап чыгуу маанилүү. Укук коргоо органдарынын социалдык натыйжалуулугун изилдөөгө кайрылып, авторлор мыйзамсыз жүрүм-турумдун социологиялык көйгөйлөрүнө сөзсүз түрдө токтолушту.

Кылмыштуулук жана анын көрүнүштөрү коомдун белгилүү бир бөлүгүнү

муктаждыктарын анын көпчүлүк мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарынын эсебинен канааттандырууга багытталган иш-аракет катары ар дайым спецификалык жана оригиналдуу мүнөзгө ээ болуп, анын абалын жана өнүгүү деңгээлин чагылдырган. Өнүгүүнүн өткөөл мезгилинин натыйжасы болуп саналган азыркы кылмыштуулук, сапаттык жана сандык мүнөздөмөлөрү боюнча, буга чейин болгон кылмыштуулук менен салыштырылбайт.

Кыргызстанда деликвенттик маселе биринчи жолу терең, комплекстүү каралып, изилденип жатышы тарбия, морал, адептүүлүк ж.б. маселелеринин чечмелениишинин зарылдыгы теманын **актуалдуулугун** көрсөтөт.

**3. Диссертациянын илимий натыйжалары.**

**Каримова Кундузхандын** ишинде өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-турумунун маселесин изилдөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык илимий негиздеги төмөнкү натыйжалар алынган.

**Натыйжа 1.** Кыргызстанда жаңы пайда болгон социалдык-экономикалык кырдаалга байланыштуу өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумга дуушар болуунун себептери илимий талдоого алынды.

**Натыйжа 2.** Жашы жетпегендердин арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча институттардын социалдык механизмдери илимий изилдөөгө алынды.

**Натыйжа 3.** Өспүрүмдөр арасында деликвенттик жана деликвенттик жүрүм-турумун социологиялык талдоонун негизинде илимий аныктоолор берилди.

**3.1. Диссертациялык иштеги ар бир натыйжанын (илимий жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк деңгээли.**

Диссертациянын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундуланган актуалдуу илимий изилдөө иш болуп саналат. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү, даана жана социалдык түзүлүш проблематикасын мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле, социалдык түзүлүштүн өзгөрүү мазмуну, социалдык-экономикалык негиздери жөнүндөгү социологиялык билимдердин тереңдешин камсыз кылат.

Жыйынтыктардын, илимий жоболордун негиздөө үчүн автор социология илиминин азыркы парадигмаларын жана усулдарын колдонгон, бул ишенимдүү, айкын натыйжаларды алууга мүмкүндүк берген.

**Натыйжа 1.** Өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумуна таасир этүүчү факторлорду изилдөө өспүрүмдөрдүн социалдашуусунун негизги институттары - үй-бүлө, мектеп, эс алуу чөйрөсү, эмгек дүйнөсү бүгүнкү күндө кризиске кептелгенин көрсөттү.

**Натыйжа 2.** Алардын таасиринин дал келбестиги өспүрүмдүн жеке мүнөзүнө карама-каршы талаптардын коюлушуна алып келет, алар өспүрүм мезгилинин өткөөл мүнөзүнө үстөмдүк кылып, өспүрүмгө коомдун нормаларын жана талаптарын өздөштүрүүнү кыйындатат. Айрыкча, жүрүм-турумдун делинкенттик жана криминалдык моделдерин өспүрүм чөйрөсүнө которгон ММКнын натыйжасыз таасирин белгилеп кеткен.

**Натыйжа 3.** Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн укук бузууларына байланыштуу социалдык көзөмөл калыбына келтирүүчү сот адилеттигинин артыкчылыктарына негизделиши керек, жашы жете элек өспүрүмдөрдүн технологияларын колдонуу. Коомдук көзөмөлдүн заманбап тутуму өспүрүмдөр арасындагы укук бузуунун көрүнүшүнө коомдун катаал реакциясын божомолдошу керек, натыйжада биринчи жолу кылмыш жасаган өспүрүм коомдон обочолонууга байланышпаган ажыратуу же чектөөлөргө дуушар болот.

**Натыйжа 4.** Өспүрүмдүн коомго эрте реабилитацияланышын жана реинтеграцияланышын шарттаган альтернативдүү чаралардын тутумун иштеп чыгуу керек. Делинквенттик жүрүм-турумдан арылууда профилактикалык чараларды өспүрүмдөргө медициналык жана психологиялык жардам көрсөтүү менен айкалыштырууга аракет жасалган.

**Натыйжа 5.** Деликвенттик жүрүм-турумдагы өспүрүмдөрдүн санынын көбөйүшүнүн алдын алуу боюнча чараларды көрүү мамлекеттик стратегиялык көз караштты өзгөртүү менен коштолушу керек. Себеби, ички жана тышкы мигранттардын, жаш үй-бүлөлөргө коом жана мамлекет тарабынан катуу көзөмөлгө алуу, үй-бүлө институтун бекемдөө боюнча массалык маалымат каражаттары аркылуу пропагандаларды жүргүзүү, энелерди баладан ажыратпоо мыйзамдарын иштеп чыгуу керектигин аныктаган.

Социологиялык изилдөөлөрдүн жыйындысы диссертанттын божомолдоолорунун тууралыгын далилдеген.

**3.3. Диссертациялык иштеги ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык деңгээли.**

**Натыйжа 1.** Жаңы, анткени Ата мекендик социологияда буга чейин кыргыз тилинде деликветтүү жүрүм-турум маселесинин маңызы, анын негизги илимий түшүнүктөрү, ага болгон негизги илимий мамилелер жана концепциялар талданган эмес.

**Натыйжа 2.** Жаңы, себеби биринчи жолу ааламдашуу шартында

өспүрүмдөрдүн адаптация жана дезадаптация процесстериндеги маселелер социологиялык изилдөөлөрдүн так маалыматтары менен аныкталган.

**Натыйжа 3.** Жарым-жартылай жаңы, анткени буга чейинки эмгектерде өзгөрүлүп жаткан коомдо кыргыздардын Үй-бүлөдө өспүрүмдөрдүн социалдашуу процессиндеги кыйынчылыктары жана балдарды тарбиялоо боюнча үстүртөдөн каралып келсе, бул эмгекте конкреттүү изилдөө жүргүзүлгөн.

**Натыйжа 4.** Жаңы, автордун толук катышуусунда социологиялык изилдөөлөрдүн жана эмпирикалык, статистикалык материалдардын негизинде деликвенттик көйгөйлөрү боюнча жаңы маалыматтар алынган. Такталган маселелерди чечүүдө негизги индикаторлор аныкталган.

**Натыйжа 5.** Жарым-жартылай жаңы, Кыргыздардын жашы жетпегендердин арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча институттардын социалдык механизмдери багытталган теориялык жана практикалык корутундуларды, сунуштарды иштеп чыгып, ишке ашыруу багыттары так корсотулгон эмес жана келечекте ийгиликтүү колдонулушу мүмкүн.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дуйнө үчүн)**

Каримова Кундузхан Усоновнанын «Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» деген темадагы диссертациясынын жоболору азыркы учурдагы иликтеген комплекстүү изилдөө болуп саналат. Азыркы учурда биздин өлкө жашы жете элек өспүрүмдөрдүн девиациясынын жогорку динамикасына туш болгонун эске алып, деликвенттик жүрүм-турумдун алдын алууда чет элдик тажрыйбаны эске алуу керек, буга чейин өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумун жеңүү боюнча конкреттүү өнүгүүлөр камтылган. Өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумунун алдын алуу алкагында коомдук уюмдардын ишмердүүлүгү үчүн Глобалдык Фондон гранттарды алууга активдүү катышуу керек, кылмыштуулуктун динамикасы жогору экендигин эске алуу менен өлкөлөрдөгү кырдаалды турукташтыруу үчүн гранттарды алуу боюнча координациялык механизм бар. Жашы жете электердин деликвенттик жүрүм-турумун жеңүү үчүн жалпы жарандык коомдун катышуусу зарыл.

Диссертацияда изилденүүчү маселе боюнча бир катар жаңы натыйжалар жана жоболор, ички биримдик камтылган, бул автордун социология илимине киргизген жеке салымы жөнүндө маалымдайт.

Изилдөөнүн практикалык мааниси келечекте деликвенттик жүрүм-турумдагы маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги суроолорду иштеп чыгууда, мындан аркы өспүрүмдөр, жетимдер менен иш алып барууда, социалдык-

психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Ушунун негизинде окуу куралдарды, дарстарды, семинардык сабактарды даярдоодо практикалык маалыматтар катары колодонулушу мүмкүн.

**Дисертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана шилтемелерде колдонулду:**

1. Каримова, К. Формирование социальной компетентности в процессе саморегуляции подростков [Текст] / К.Каримова // Colloquium-journal. 2019. № 5-3 (29). С. 59-60.
2. Каримова К. Развитие волонтерства в школах как основа профориентации по специальности "социальная работа" [Текст] / К. Каримова // Вестник Бишкекского гуманитарного университета. 2017. № 3 (41). С. 69-71.
3. Каримова К. Комплексная работа в профилактике делинквентного поведения подростков [Текст] / К. Каримова // Известия Вузов Кыргызстана – Бишкек, 2016. Выпуск 12- С. 196-199.
4. Каримова К. Социальная работа с молодыми выпускниками детских домов [Текст] / К. Каримова // Молодой ученый. 2017. № 2 (136). С. 678-680.
5. Каримова К. Патернализм как основной фактор в развитии у подростков иждивенческих взглядов на жизнь [Текст] / К.Каримова // V Всероссийский социологический конгресс – 2016 “Социология и общество: социальное неравенство и социальная справедливость” [Электронный ресурс] Москва-Екатеринбург. Россия. 19-21 октябрь 2016 г.
6. Каримова К. Причины и проявления делинквентного поведения подростков [Текст] / К.Каримова // Вестник БГУ №3-4 (33-34) 2015г. 129-131.
7. Каримова К. Роль и задачи общественного воспитателя в профилактике делинквентного поведения [Текст] / К.Каримова // Вестник ОшГУ №4, в.1. 2014г.
8. Каримова, К. Балдардын девианттык журум-туруму жана анын алдын алуу [Текст] / К.Каримова // Вестник БГУ, 2013г. №3(26) стр.104-106
9. Каримова, К. Өспүрүм балдардын социалдык-педагогикалык маселелерин жоюу боюнча борборлор [Текст] / К.Каримова // Вестник БГУ, 2013г. №3(26) стр.
10. Каримова, К. Adaptation and socialization of social orphans in Kyrgyzstan [Текст] / К.Каримова // Society and Security Insights. 2020. Т. 3. № 3. С. 40-51.
11. Каримова, К. Трудности социализации детей-сирот в детских домах [Текст] / К.Каримова // Социальная политика и социальное партнерство» № 9/2020. С.
12. Каримова, К. Деятельность центра адаптации и реабилитации (ЦАРН) с отделом поддержки семьи и детей (ОПСД) [Текст] / К.Каримова // Социальная политика и социальное партнерство» № 9/2020

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.** Автореферат толук бойдон диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине туура келет. Авторефератта мазмуну дал келген кыргыз, орус тилдериндеги резюмеси бар.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Ички иштер министрлигинин балдар менен иштөө бөлүмдөрүнүн иштерин дагы терең изилдеп чыкса жакшы болмок, себеби коомдук институт катары деликвенттик өспүрүмдөр менен алардын тыгыз байланышы алдын алуу иштерге чон таасирин тийгизет.

2. Диссертациялык иштеги колдонулган адабияттарды ЖАКтын талаптарына карата тууралап оңдоо зарыл.

Жогорку мүчүлүштүктөр автордун диссертациялык изилдөөсүнүн илимий-теориялык жана практикалык деңгээлин түшүрбөйт, жыйынтыктуу жазылган илимий эмгек.

**Сунуштар:**

Диссертациялык кеңештин комиссиясы К.У. Каримовнанын кандидаттык диссертациясы боюнча жетектөөчү мекеме жана оппоненттер тууралуу төмөнкүлөрдү бекитүүнү сунуштайт:

- ***жетектөөчү мекеме катарында*** Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун «социалдык иштер жана коомдук илимдер» кафедрасы сунушталат, анда тиешелүү адистер иштейт;

- **биринчи расмий оппонент** социология илимдеринин доктору, профессор Нурова Саида Сулеймановна (автореферат боюнча адистиги – 22.00.04), изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1. Нурова С.С., Коку Садык, Проблемы этнической идентичности в смешанных семьях. // Гуманитарные науки современности. 2011, № 14. С. 523-527.
2. Нурова С.С., Алышбаева Д.Т. Шадыманова Ж. Уркунчиева Р.Дж. Социология культуры и духовной жизни. / Социальные и гуманитарные науки. 2010. 200 с.

- **экинчи расмий оппонент** социология илиминин кандидаты, доцент Жоомартова Элиза Жоомартовна (автореферат боюнча адистиги – 22.00.04) изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1. Понятие «детства» в современных социальных науках. // Вестник БГУ Выпуск №3(26). С. 58-61.
2. Опыт социальной работы в системе социальной защиты детства. // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Выпуск 2. 2014. С. 230-236.
3. Основы социальной работы. - Учебно-методический комплекс для студентов социально-экономических специальностей. Б: 2014 – 84 с.
4. Социальная педагогика. - Учебное пособие для студентов специальности «социальная работа». Б:2014 – 136с.

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин социалдык иштер кафедрасынын кеңейтилген отурумунда диссертациялык кеңешке сунушталган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү изденүүчү Каримова Кундузхан Усоновнанын «Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуштайт.

**Комиссиянын мүчөсү:**

**социология илимдеринин доктору,**
**профессор** **Нурова С.С.**

*Комиссия төрайымынын кол*
*тамгасын тастыктаймын:*

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«___»____________20___ж.

**Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин**
**Окумуштуу катчысы,**
**Саясат таануу илимдеринин кандидаты,**
**доцент** **Абдраманова Ч.Ш.**

«5» февраль 2021-ж.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 диссертациялык кеңештин Каримова Кундузхан Усоновнанын «Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

## КОРУТУНДУ

Комиссиянын төр айымы, социология илимдеринин доктору, профессор Р.Б. Салморбекованын изденүүчү Каримова Кундузхан Усоновнанын «Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин (илимий жетекчиси: философия илимдеринин доктору, профессору Исаев К.И.) карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. **Диссертациялык Кеңештин коргоо боюнча укук берилген адистигине иштин туура келиши**.

Каримова Кундузхан Усоновнанын сунуштаган «Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» деген темадагы кандидатык диссертациясы Д.23.20.611 Диссертациялык Кеңешинин профилине толук тура келет. Иште өспүрүм курактагы балдардын деликвенттик жүрүм-турумдарынын көйгөйлөрү каралып, изилденген иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**2. Иштин максаты катары** өспүрүмдөр арасында деликвенттик жүрүм-турумдагы балдардын кыргыз коомундагы сүрөттөлүшүн алып чыгуу эсептелинет.

Аталган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1. өспүрүмдөр арасында деликвенттик жүрүм-турум маселесин изилдөөнүн негизги социологиялык парадигмаларын илимий талдоо;
2. деликвенттик жана деликвенттик жүрүм-турумга жалпы мүнөздөмө берүү;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № ДК-33-20
« 9 » февраль 2021 ж

3. өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумдарына үй-бүлө, мектеп жана башка социалдык институттардын тийгизген таасирин анализдеп карап чыгуу;
4. коомдун трансформация абалында өспүрүмдөрдүн деликвент жүрүм-турум маселелериндеги заманбап өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
5. Кыргызстандагы өспүрүмдөр арасында деликвенттик жүрүм-турумду алдын алуу боюнча социалдык механизмдерин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн объектиси** өспүрүм курактагы 14 жаштан баштап 17 жашка чейинки мектеп окуучулары диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келет.

**Изилдөөнүн предмети** өспүрүм курактагы балдардын деликвенттик жүрүм-турумдарынын сүрөттөлүшү.

Диссертациянын методологиялык негизи – катарында диссертациялык иштин изилдөө принциптери социология илиминдеги парадигмалар, системдик талдоо. Материалдарды чогултууда даректеме, сурамжылоо, SPSS-24 программалык пакет маалыматтары колдонулган. Эмпирикалык изилдөөлөргө Кыргыз Республикасынын укук жана нормативдик актылары колдонулган. Анык маалыматтар жана иштин жыйынтыгын эмпирикалык изилдөө методологиясы камсыз кылынган. Жалпысынан 400 респондент сурамжыланган, алар мектеп окуучулары он-лайн түрүндө катышышкан.

Бул иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

Сунушталган диссертациянын темасы **«Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо»** актуалдуу илимий проблемага багышталып, негиздүү тандалган.

Өспүрүмдүн кылмыштуулугу көбүнчө инсанды өнүктүрүүнүн кыйратуучу факторлору менен аныкталат, мисалы, баланын назик камкордугуна жана ата-энесинин мээримине муктаждыгы; үй-бүлөдөгү физикалык же психологиялык зомбулук; курч психотравма (оору, жакындарынан айрылуу, ата-энесинин ажырашуусу); ата-энелердин талаптагыдай так эместиги, балага коюлган талаптардын дал келбестиги, ошонун кесепетинен өспүрүмдөр жүрүм-турум нормаларын так түшүнө алышпайт; өспүрүмдүн үй-бүлөдө же топтогу жүрүм-турум эрежелерин үйрөнүү жолу менен ассимиляция процесси жүрөт.

Кыргызстанда социология илиминде алгачкы жолу өспүрүмдөрдүн келечегине, ал гана эмес коомдун келечегине балта чапкан деликвенттүү жүрүм-турум көйгөйү изилдөөгө алынууда. Тандалып алынган тема бүгүнкү күндүн талабына толугу менен жооп берет.

Мындай өспүрүмдөр жеңил ойлуулук менен, көбүнчө провокациянын таасири астында, анын кесепеттерин билбей туруп, мыйзамсыз иш-

аракеттерди жасашат. Белгилүү бир иш-аракет үчүн мотивдин күчтүүлүгү анын терс кесепеттерин талдоого тоскоол болот. Деликвенттик жүрүм-туруму бар өспүрүмдөрдүн проблемаларын изилдөө, дээрлик бардык укук бузган өспүрүмдөрдүн сырткы көзөмөлгө ээ экендигин көрсөтүп турат. Бул мыйзамсыз жүрүм-турумдун себептеринин бири болушу мүмкүн.

Кыргызстанда деликвенттик маселе биринчи жолу терең, комплекстүү каралып, изилденип жатышы тарбия, морал, адептүүлүк ж.б. маселелеринин чечмеленишинин зарылдыгы теманын **актуалдуулугун** көрсөтөт.

Сунушталган диссертациянын темасы **«Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо»** актуалдуу илимий проблемага багышталып, негиздүү тандалган.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынын жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана өз убагында коомдогу өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумун жөнгө салууда аткарылган деп корутундоого болот.

**3. Илимий натыйжалар.**

**Каримова Кундузхандын** ишинде өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-турумунун маселесин изилдөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык илимий негиздеги төмөнкү натыйжалар келтирилген.

**Натыйжа 1.** Кыргызстанда жаңы пайда болгон социалдык-экономикалык кырдаалга байланыштуу өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумга дуушар болуунун себептери илимий талдоого алынган.

**Натыйжа 2.** Жашы жетпегендердин арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча институттардын социалдык механизмдери илимий изилдөөгө алынган.

**Натыйжа 3.** Өспүрүмдөр арасында деликвенттик жана деликвенттик жүрүм-турумун социологиялык талдоонун негизинде илимий аныктоолор берилди.

**Натыйжа 4.** Коомдун трансформация абалында өспүрүмдөрдүн деликвент жүрүм-турум маселелериндеги заманбап өзгөчөлүктөрүн аныктаган.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

Изилдөөнүн практикалык мааниси келечекте деликвенттик жүрүм-турумдагы маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги суроолорду иштеп чыгууда, мындан аркы өспүрүмдөр, жетимдер менен иш алып барууда, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Ушунун негизинде окуу куралдарды, дарстарды, семинардык сабактарды даярдоодо практикалык маалыматтар катары колодонулушу мүмкүн.

Диссертациянын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундуланган актуалдуу илимий изилдөө иш болуп саналат. Жыйынтыктар

систематлаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү, даана жана социалдык түзүлүш проблематикасын мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле, социалдык түзүлүштүн өзгөрүү мазмуну, социалдык-экономикалык негиздери жөнүндөгү социологиялык билимдердин терендешин камсыз кылат.

Жыйынтыктардын, илимий жоболордун негиздөө үчүн автор социология илиминин азыркы парадигмаларын жана усулдарын колдонгон, бул ишенимдүү, айкын натыйжаларды алууга мүмкүндүк берген.

**Дисертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана шилтемелерде колдонулду:**

1. Каримова, К. Формирование социальной компетентности в процессе саморегуляции подростков [Текст] / К.Каримова // Colloquium-journal. 2019. № 5-3 (29). С. 59-60.
2. Каримова К. Развитие волонтерства в школах как основа профориентации по специальности "социальная работа" [Текст] / К. Каримова // Вестник Бишкекского гуманитарного университета. 2017. № 3 (41). С. 69-71.
3. Каримова К. Комплексная работа в профилактике делинквентного поведения подростков [Текст] / К. Каримова // Известия Вузов Кыргызстана – Бишкек, 2016. Выпуск 12- С. 196-199.
4. Каримова К. Социальная работа с молодыми выпускниками детских домов [Текст] / К. Каримова // Молодой ученый. 2017. № 2 (136). С. 678-680.
5. Каримова К. Патернализм как основной фактор в развитии у подростков иждивенческих взглядов на жизнь [Текст] / К.Каримова // V Всероссийский социологический конгресс – 2016 “Социология и общество: социальное неравенство и социальная справедливость” [Электронный ресурс] Москва-Екатеринбург. Россия. 19-21 октябрь 2016 г.
6. Каримова К. Причины и проявления делинквентного поведения подростков [Текст] / К.Каримова // Вестник БГУ №3-4 (33-34) 2015г. 129-131.
7. Каримова К. Роль и задачи общественного воспитателя в профилактике делинквентного поведения [Текст] / К.Каримова // Вестник ОшГУ №4, в.1. 2014г.
8. Каримова, К. Балдардын девианттык журум-туруму жана анын алдын алуу [Текст] / К.Каримова // Вестник БГУ, 2013г. №3(26) стр.104-106
9. Каримова, К. Өспүрүм балдардын социалдык-педагогикалык маселелерин жоюу боюнча борборлор [Текст] / К.Каримова // Вестник БГУ, 2013г. №3(26) стр.

10. Каримова, К. Adaptation and socialization of social orphans in Kyrgyzstan [Текст] / К.Каримова // Society and Security Insights. 2020. Т. 3. № 3. С. 40-51.

11. Каримова, К. Трудности социализации детей-сирот в детских домах [Текст] / К.Каримова // Социальная политика и социальное партнерство» № 9/2020. С.

12. Каримова, К. Деятельность центра адаптации и реабилитации (ЦАРН) с отделом поддержки семьи и детей (ОПСД) [Текст] / К.Каримова // Социальная политика и социальное партнерство» № 9/2020

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толук бойдон диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине туура келет. Авторефератта мазмуну дал келген кыргыз, орус тилдериндеги резюмеси бар.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Диссертациялык иш кыргыз тилинде жазылгандыктан, айрым илимий терминдер ар кандай берилип калган, мисалы: процесс – жүрүш, метод-ыкма ж.б., бирок бул терминдер бүгүнкү күнгө чейин илимий бир нукка түшө электигин эске алуу менен иштин жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт.

2. Диссертациялык иштин мазмуну криминалдык мүнөздөгү өспүрүм курактагы балдарга арналгандыктан, өспүрүмдүн коомго эрте реабилитацияланышын жана реинтеграцияланышын шарттаган альтернативдүү чараларды иштеп чыгуу менен чектелбестен, профилактикалык чараларды өспүрүмдөргө медициналык жана психологиялык жардам көрсөтүү менен айкалыштырууга арналган сунуштарды камтып кетсе жакшы болмок. Бирок, бул диссертация менен баардык илимий тармакты изилдөө мүмкүн эмес, ошол себептен келечекте эске алынат деген ойдобуз.

**Сунуштар:**

Диссертациялык кеңештин комиссиясы К.У. Каримовнанын кандидаттык диссертациясы боюнча жетектөөчү мекеме жана оппоненттер тууралуу төмөнкүлөрдү бекитүүнү сунуштайт:

- **жетектөөчү мекеме катарында** Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун «социалдык иштер жана коомдук илимдер» кафедрасы сунушталат, анда тиешелүү адистер иштейт;

- **биринчи расмий оппонент** социология илимдеринин доктору, профессор Нурова Саида Сулеймановна (автореферат боюнча адистиги – 22.00.04), изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1. Нурова С.С., Коку Садык, Проблемы этнической идентичности в смешанных семьях. // Гуманитарные науки современности. 2011, № 14. С. 523-527.

2. Нурова С.С., Алышбаева Д.Т. Шадыманова Ж. Уркунчиева Р.Дж. Социология культуры и духовной жизни. / Социальные и гуманитарные науки. 2010. 200 с.

**- экинчи расмий оппонент** социология илиминин кандидаты, доцент Жоомартова Элиза Жоомартовна (автореферат боюнча адистиги – 22.00.04) изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1. Понятие «детства» в современных социальных науках. // Вестник БГУ Выпуск №3(26). С. 58-61.

2. Опыт социальной работы в системе социальной защиты детства. // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Выпуск 2. 2014. С. 230-236.

3. Основы социальной работы. - Учебно-методический комплекс для студентов социально-экономических специальностей. Б: 2014 – 84 с.

4. Социальная педагогика. - Учебное пособие для студентов специальности «социальная работа». Б:2014 – 136с.

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин социалдык иштер кафедрасынын кеңейтилген отурумунда диссертациялык кеңешке сунушталган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү изденүүчү Каримова Кундузхан Усоновнанын «Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуштайм.

**Комиссиянын төр айымы:**
**социология илимдеринин доктору,**
**профессор** **Салморбекова Р.Б.**

*Комиссия төрайымынын кол*
*тамгасын тастыктаймын.*

**Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин**
**Окумуштуу катчысы,**
**Саясат таануу илимдеринин кандидаты,**
**доцент** **Абдраманова Ч.Ш.**

«_9_» _февраль_ 2021-ж.

2. Нурова С.С., Алышбаева Д.Т. Шадыманова Ж. Уркунчиева Р.Дж. Социология культуры и духовной жизни. / Социальные и гуманитарные науки. 2010. 200 с.

- **экинчи расмий оппонент** социология илиминин кандидаты, доцент Жоомартова Элиза Жоомартовна (автореферат боюнча адистиги – 22.00.04) изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1. Понятие «детства» в современных социальных науках. // Вестник БГУ Выпуск №3(26). С. 58-61.

2. Опыт социальной работы в системе социальной защиты детства. // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Выпуск 2. 2014. С. 230-236.

3. Основы социальной работы. - Учебно-методический комплекс для студентов социально-экономических специальностей. Б: 2014 – 84 с.

4. Социальная педагогика. - Учебное пособие для студентов специальности «социальная работа». Б:2014 – 136с.

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин социалдык иштер кафедрасынын кеңейтилген отурумунда диссертациялык кеңешке сунушталган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү изденүүчү Каримова Кундузхан Усоновнанын «Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуштайм.

**Комиссиянын төр айымы:**
**социология илимдеринин доктору,**
**профессор** **Салморбекова Р.Б.**

*Комиссия төрайымынын кол*
*тамгасын тастыктаймын*

**Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин**
**Окумуштуу катчысы,**
**Саясат таануу илимдеринин кандидаты,**
**доцент** **Абдраманова Ч.Ш.**

«3» февраль 2021-ж.